3 32

Кылычтын ырлары.

аткаруучу Зейнакан Белекова

... языка, литературы и истории
Отдел рукописей
Инв. № 327
23/II ...
Кирг. ФАН СССР гор. Фрунзе

Институт языка, литературы и истории
Отдел рукописей
Инв. № 3
13/IV 1951
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе



# ЗИЛЗИЛА

инв нрмер 327.

Абалы сөзүм бисмилла,
Айта берсек сөз мында,
Кеп чыгардым жаңыдан
Келгин өрдөк биз турна.
Китептерде бир болжол,
Коркунуч болор жүз жылда.
Нур Мукамбет пайгамбар,
Үмүткербиз көп жандар,
Ойлоп кара артыңды,
Аксакалдуу каргандар.
Көрүп келдиң далайды,
Узак жашап баргандар.
Сонун иштер көбөйдү,
Сөзгө кулак салгандар.
Илгеркилер бир борум,
Өз эркинче болгонун,
Бар заманга сүйлөдүм,
Борумдарын болжолун.
Алла таала ар ишти,
Өзүң түзөп оңдогун.
Бу замана түрлөндү,
Жер силкинип термелди.
Калкылдаган асман жер,
Бузулуп кетер өңдөндү.

Санаага келбес иш болду,
Сакта кудай бендеңди.
Тоо бузулуп таш кулап,
Жер жарылып,жар нурап,
Ит бүткөндүн баарысы,
Улуп-уңшуп чуркурап.
Жан алгуучу келердей,
Чочуп турдук зыркырап.
Кудай өзү сактасын,
Асман,жерлер бузулуп,
Кетеби деп быркырап.
Жатоодо төө бышкырып,
Ат кишенеп кошкуруп.
Таш короолор калдырап,
Эчки койдун баарысы,
Үркүп чыкты чучкуруп.
Желеде уйлар өңгүрөп,
Байлаган жиби узулуп,
Өкүмү күчтүү кудайдын
Өткөрө чоң иш болду,
Өлүмдү эске түшүрүп.
Алданын иши ушундай,
Аманат бенде курусун,
Акыл жетпес караса,
Кудуреттин жумушу.
Жер дүйнөнү туйлатып,
Көрдүңбү мындай кылышын.

Добуш тартып дурулдеп,
Жанын чыгып зирилдеп,
Олумден башка ойлобой,
Акылың кетти бириндеп.
А... кудайлап жалбарып,
Алда кандай болор деп,
Уктаган балдар ойгонду,
Ыйлабай озу сооронду.
Алда кандай жорук деп,
Эси чыгып жаш балдар,
Булар дагы ойлонду.
Жан жаныбар макулук,
Чочубастан койбоду.
Туурда куштар талпынып,
Ат кошкуруп алканып,
Адам кантип коркпосун,
Акылы башта бар туруп.
Мына мындай енденген,
Мындай жорук ким корген.
Билгенге айткан бул сезум,
Битине жорук бендеден,
Адетте болбос мынчалык.
Жер кыймылдап термелген,
Жараткан алла кудурет,
Бендеге кылган айбаты,
Ай тутулуп жарытмак
Кун кетилип нур таймак.

Куйруктуу жылдыз көп чыгып,

Асмандагы ай,күндү,
Бетин жаап кир чалмак.
Адам заттын шумунан,
Анты,шерти убада
Баары кетти жалтайлап.
Эл кыдырды кожолор,
Амал кылбай молдолор.
Адам акын көп жеди,
Турлуу турлуу бенделер.
Кууланган жорук көбөйдү,
Кудайдан башка ким билер.
Акыретке барганда,
Адам уулу тергелер.
Бенденин кылган күнөсүн,
Өзү турган жер көрөр.
Адистен уккан бул сөзүм,
Адам бенде шумунан,
Кара жер минтип термелер.
Кайсы сөзүм айтайын,
Карап турчу бенделер.
Жан аманат болгон соң,
Инсап кылсак оңолор.
Каршылык кыл деп китепте,
Кайсы молдо жол берер?
Ыйман кайын билбеген,
Ибилиске кол берер.